Жогоку кеңештин депутаты.docx

**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

# ТОКТОМ

**9-октябрь 2025-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясынын № 1- токтому**

**2025-жылдын 8-августундагы №4- токтомуна**
**Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылдын 8-августундагы VI сессиясынын №4-токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча айыл өкмөтүнүн СЭӨБ башчысы Б.Байзакованын маалыматын угуп жана талкуулап Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын сатып алуулар мыйзамына ылайык конкурстун жыйынтыгы менен үнөмдөлгөн 792,5 (жети жүз токсон эки миң беш жүз) миң сөм өлчөмүндөгү акча каражаты 2025-жылга бекитилген чыгымдар эсебинен бөлүмдөр жана беренелер аралык №1- тиркемеге ылайык кыскартылсын.

2. Кыз-Көл айыл өкмөтүнун 2025-жылдын 6-февралындагы №3-сессиясынын №2-токтому менен 2025-жылга бекитилген чыгымдарында аткарууга талап кылынбаган 3714,1 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты №2- тиркемеге ылайык кыскартылсын.

3. Жогоруда кыскартылган 4506,6 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты эсебинен айыл өкмөтүнүн аймагында аткарууга талап кылынуучу социалдык маселелерди каржылоо №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Акча каражатын максаттуу пайдалануу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумаевге жана СЭӨБ башчысы Б.Байзаковага жүктөлсүн.

5. 2025-жылдын бюджетинде бекитилген чыгымдарга өзгөртүү киргизүү Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

6. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнун башчысы А.Жумабаевге жана айылдык кеңешинин бюджет комитетине жүктөлсүн.